**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

БЕКИТИЛДИ
Кыргыз Республикасынын
билим берүү жана илим
министрлигинин
Буйругу №__863/1_____
«___10___»___май____2022ж.

Каттоо номери 8
Код 200724

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮСҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ

Адистиги**: 070602 -Дизайн (тармактар боюнча)**

Квалификациясы**:** дизайнер

**Бишкек – 2022**

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Ушул Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүсүнүн **070602 «Дизайн» (тармактар боюнча)»** адистиги боюнча мамлекеттик билим берүү стандарты (мындан ары – Мамлекеттик билим берүү стандарты) "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштеп чыккан.

2. Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартында төмөнкү түшүнүктөр пайдаланылат:

- **негизги кесиптик билим берүү программасы** - максаттарды, күтүлгүүчү натыйжаларды, тийиштүү адистик боюнча билим берүү процессин ишке ашыруунун мазмунун жана уюштурулушун регламенттөөчү окуу-методикалык документтердин жыйындысы;
- **сабактардын цикли** - окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон билим берүү программасынын бир бөлүгү же окуу сабактарынын жыйындысы;
- **модул** - окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон окуу сабактарынын бөлүгү;
- **компетенция** - окуучунун аныкталган бир чөйрөдө майнаптуу жана жемиштүү иштөөсү үчүн зарыл болгон билими жагынан даярдоого карата алдын ала коюлган социалдык талап (ченем);
- **кредит** - негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугунун шарттуу ченеми;
- **окутуунун натыйжалары** - негизги билим берүү программасынын модулу боюнча окутуунун натыйжасында ээ болгон компетенциялар.
- **кесиптик стандарт** - кесиптик иштин конкреттүү түрүнүн чегинде анын мазмунуна жана сапатына карата талаптарды белгилөөчү, кызматкер кайсы иште болсо да, кайсыл уюмда болсо да өзүнүн ордун татыктуу ээлеши үчүн кызматкерде болушу милдеттүү болгон квалификациянын сапаттык деңгээлин баяндаган негиз түзүүчү документ.

Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартын аткаруу уюштуруу-укуктук формасына карабастан, кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү мекемелери үчүн милдеттүү болуп саналат.

## 2-глава. Колдонуу жааты

3. Ушул мамлекеттик билим берүү стандарт **070602 «Дизайн (тармактар боюнча)»** адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууда милдеттүү болгон ченемдердин, эрежелердин жана талаптардын жыйындысын билдирет жана Кыргыз Республикасынын аймагында менчик түрүнө жана ведомстволук

таандыктыгына карабастан, тиешелүү адистик боюнча лицензиясы жана акредитациясы бар кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү уюмдарынын уюштуруу-методикалык документтерди иштеп чыгуусу, кесиптик орто билим берүүсүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн сапатын баалоосу үчүн негиз болуп эсептелет.

4. **070602 «Дизайн (тармактар боюнча)»** адистиги боюнча Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизги колдонуучулары болуп төмөнкүлөр саналат:

- ушул адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууга укуктуу билим берүүнүн уюмдарынын администрациясы жана педагогикалык курамы;
- ушул адистиктеги негизги билим берүү программасын өздөштүрүү боюнча өзүнүн окуу ишин натыйжалуу ишке ашыруу үчүн жооптуу студенттер;
- кесиптик иштин тийиштүү чөйрөсүндөгү адистердин жана иш берүүчүлөрдүн бирикмелери;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын тапшырмасы боюнча негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууну камсыз кылуучу окуу-методикалык бирикмелер жана кеңештер;
- кесиптик орто билим берүүнү каржылоону камсыз кылуучу билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар;
- кесиптик орто билим берүү системасында мыйзамдардын сакталышын контролдоону камсыз кылуучу, кесиптик орто билим берүү чөйрөсүндө аккредитациялоочу жана сапатын контролдоочу билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар;
- билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоочу агенттиктер.

## 3-глава. Адистиктин жалпы мүнөздөмөсү

5. **070602 «Дизайн (тармактар боюнча)»** адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүүсүнүн программасын өздөштүрүү формасы –күндүзгү.

6. Жалпы орто билим берүүнүн базасында күндүзгү окуу формасы боюнча кесиптик орто билим берүүнүн адистиги боюнча негизги билим берүү программасын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү 1 жыл 10 айдан кем эмести түзөт. Ушул кесиптик билим берүү программасын негизги жалпы билим берүүнүн базасында ишке ашыруу учурунда өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтү 1 (бир) жылга узартылат.

7. Кесиптик орто билим берүү программасына интеграцияланган жалпы орто билим берүүнүн жалпы билим берүү программасын (10 жана 11-класстар) ишке ашырууда жалпы орто билими жөнүндө документ (аттестат) берилбейт, ал эми сабактар боюнча баалар кесиптик орто билим берүү жөнүндө документке (дипломго) коюлат.

8. Абитуриентте окууга тапшырууда төмөнкү документтердин бири болуусу тийиш:

- жалпы орто билими жөнүндө аттестат;
- негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүк.

9. Орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюму кайра аттестациялоонун (кайра зачет тапшыруунун) жыйынтыгы менен башка адистиктик боюнча жогорку кесиптик билим же орто кесиптик билим алууда студент өздөштүргөн (өткөн) өзүнчө дисциплиналар (модулдар) жана (же) өзүнчө практикалар боюнча окутуунун натыйжаларын толук же жарым-жартылай кайра кабыл алышы мүмкүн.

Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн башка ченемдик мөөнөттөрү өзүнчө ченемдик укуктук акт менен бекитилет.

10. Күндүзгү окуу формасы боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларынын эмгек сыйымдуулугу **120**дан кем эмес кредитти түзөт. Бир окуу семестринин эмгек сыйымдуулугу **30**дан кем эмес кредитке (зачеттук бирдикке) барабар (окуу процесси эки семестрлик болуп уюштурулган учурда).

Бир кредит студенттин окуу ишинин **30** саатына барабар (анын ичине аудиториялык, өз алдынча иши жана аттестациянын бардык түрлөрү кирет).

11. Инсанды окутуу жана тарбиялоо жаатында **070602-«Дизайн (тармактар боюнча)»** адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттары.

**070602-«Дизайн (тармактар боюнча)»** адистиги боюнча окутуу жаатында максаттары: студенттерди дизайн чөйрөсүндө кесипкөйлүккө заманбап креативтүү ой жүгүртө алган адиске, эмгек рыногунда туруктуу жана социалдык мобилдүүлүккө жөндөмдүү, студенттердин жалпы кесиптик компетенттүүлүгүнө ээ болушуна шарт түзүү, дизайндык ишкерликти жүргүзө алган жөндөмдүүлүккө даярдоо.

**070602-«Дизайн (тармактар боюнча)»** адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын инсанды тарбиялоо жаатындагы максаты болуп төмөнкүлөр саналат: кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын студенттердин социалдык-инсандык сапаттарын калыптандыруу жаатындагы максаттары камтылат: максатка умтулгандык, уюшкандык, эмгекчилдик, жоопкердик, жарандуулук, коммуникативдүүлүк, толеранттуулук, жалпы маданиятын жогорулатуу, жаңы билимдерди жана көндүмдөрдү өз алдынча үйрөнүү жана колдоно билүү.

12. **070602-«Дизайн (тармактар боюнча)»** адистигинин бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишинин тармагы төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Долбоор боюнча ар кандай категориядагы талапкерлердин максималдуу эң жогорку муктаждыктарына ылайык көркөмдөөнүн (коздугунун) техникасы, предметтик-мейкиндик, социалдык-маданий жана өндүрүш чөйрөсү боюнча иштерди уюштурууну жана алып баруу иштери;

- дизайн объектилерин көркөм долборлоо.

13. **070602 «Дизайн (тармактар боюнча)»** бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин объектилери болуп төмөнкүлөрү саналат:

- өндүрүштүк продукция;

- предметтик- мейкиндик комплекси: имараттардын жана курулмалардын ички мейкиндиги, парктын келбет-келишимдүү ансамблдери жана шаардык ачык мейкиндиктер, предметтик ландшафттык жана декоративдүү (коздоо) формалары, комлекстер жана аларды жабдуу;

- алгачкы эмгек жааматы.

14. Бүтүрүүчү даярданып жаткан кесиптик ишмердиктин түрлөрү улуттук кесиптик жана кесиптик стандарттарга (эгер бар болсо) ылайык, кызыкдар болгон жумуш берүүчүлөр менен биргеликте орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары тарабынан иштелип чыккан анын билим берүү программасынын мазмунун аныкташы керек. **070602-«Дизайн (тармактар боюнча)»** адистиктин бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердигинин тармагы:

- долбоорлоо- көркөмдөө ишмердүүлүк;

- кесиптик-өндүрүштүк ишмердүүлүк.

15. Бүтүрүүчү даярдалышы керек болгон кесиптик ишмердигинин милдеттеринин тизмеси кесиптик иштин тиешелүү тармагындагы квалификациялык талаптардан жана кесиптик стандарттан (эгер бар болсо) алынышы керек. **070602-«Дизайн (тармактар боюнча)»** адистиги боюнча бүтүрүүчүлөр төмөнкүдөй кесиптик ишмердиктин түрү боюнча даярдалат:

- **Долбоордук- көркөмдөө ишмердүүлүк**

- өздүк дизайндык –чечимдердин жана окшош чечимдердин негизинде дизайндык долбоорлорду түзүү;

- объекттердин графикалык же көлөмдүк моделдөөсүн, визуалдаштырууну аткаруу, долбоордук чечимдерди кол графикасынын негизги ыкмаларын жана компьютердик графиканын жана моделдөөнүн базалык мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу менен жол-жоболоштуруу жана көрсөтүү.

- **Кесиптик-өндүрүштүк ишмердүүлүк**

- дизайндык-долбоор үчүн маалыматтарды жана окшоштуктарды топтоо;

- долбоор боюнча жана долбоорлоого керектүү маалыматтарды түзүү, киргизүү жана сактоо;

- долбоорлоонун жыйынтыгын коргоо жана жол-жоболоштуруу.

16. **070602-«Дизайн (тармактар боюнча)»** адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүргөн бүтүрүүчү төмөнкүлөргө даяр болушу керек:

- дизайнердик кесиптик ишмердүүлүккө;

- жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын өздөштүрүүгө;

- жогорку кесиптик билим берүүгө даярдоонун тийиштүү адистиги жана ага жакын 750400 “Дизайн”, 750000 ”Архитектура жана курулуш”, 750100 “Архитектуралык чөйрөнүн дизайны”, 570700 “Костюм жана текстиль искусствосу” багыттар боюнча тездетилген мөөнөттө жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын өздөштүрүүгө.

## 4-глава. Негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруунун шарттарына карата жалпы талаптар

17. Орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары өз адистиги боюнча базалык кесиптик билим берүү программасын өз алдынча иштеп чыгышат. Негизги кесиптик билим берүү программасы адистикке тиешелүү Мамлекеттик билим берүү стандартынын, улуттук квалификациялык алкактын, тармактык/тармактык квалификациялык алкактын жана кесиптик стандарттардын (эгер бар болсо) негизинде иштелип чыккан.

Орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары негизги кесиптик билим берүү программасын илимдин, маданияттын, экономиканын, технологиянын, технологиянын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүшүн эске алуу менен 5 жылда бир жолудан кем эмес жаңыртууга милдеттүү, алар билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу боюнча сунуштарга ылайык:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегияларды иштеп чыгуудан;
- билим берүү программаларын мезгил-мезгили менен рецензиялоого мониторинг жүргүзүүдөн;
- так макулдашылган критерийлердин негизинде студенттердин билимдеринин жана билгичтиктеринин, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларынын деңгээлин баалоонун объективдүү жол-жоболорун иштеп чыгуудан;
- окутуучулук курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылуудан;
- бардык ишке ашырылуучу билим берүү программаларын жетиштүү ресурстар менен камсыз кылуудан, аларды колдонуунун натыйжалуулугун контролдоодон, анын ичинде окуп жаткандарга сурамжылоо жүргүзүү жолу менен;
- өзүнүн ишин (стратегиясын) баалоо жана башка билим берүү уюмдары менен салыштыруу үчүн макулдашылган критерийлер боюнча өзүн-өзү изилдөөнү үзгүлтүксүз жүргүзүүдөн;
- коомчулукка өзүнүн ишинин натыйжалары, пландары, инновациялары жөнүндө маалымдоодон.

18. Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо аларды учурдагы, орто аралык жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону камтышы керек жана эки багытта жүргүзүлүш керек:

- дисциплиналарды өздөштүрүү деңгээлин баалоо;

- студенттердин кесиптик модулдарды өздөштүрүү компетенцияларын баалоо.

Студенттерди учурдагы аттестациялоо кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан белгиленген (педагогикалык кеңеш бекиткен) баалоонун модулдук-рейтингдик системасынын негизинде окуу семестринин ичинде жүргүзүлөт.

Студенттерди орто аралык аттестациялоо ар бир семестрдин аягында жүргүзүлөт жана бардык сабактар боюнча семестрдеги учурдагы аттестациялоонун жыйынтыктары боюнча жыйынтык баалар (экзамендик баалар) коюлат

Негизги кесиптик билим берүү программасына ылайык келген этаптуу же түпкү талаптарга студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн жеке жетишкендиктеринин шайкеш келишине карата студенттерди учурдагы, орто аралык аттестациялоо жана бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу аттестациялоо үчүн билимин, билгичтигин жана ээ болгон компетенцияларынын деңгээлин баалоого мүмкүндүк берүүчү типтүү тапшырмаларды, контролдук иштерди, модулдук тесттерди камтыган баалоо каражаттарынын базалары түзүлөт. Баалоо каражаттарынын базалары кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

Ар бир сабак боюнча учурдагы, орто аралык аттестациялоону жүргүзүүнүн айкын формалары менен жол-жоболору жана кесиптик модулдар билим берүү уюму тарабынан иштелип чыгат жана окутуу башталган убакыттын биринчи 2 айынын ичинде студенттерге билдирилет.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган тартипте жүргүзүлөт.

Семестрде экзамендердин эң көп саны 8-10дон ашпашы керек. Анын ичине дене тарбия жан курстук иштер боюнча зачеттор кирбейт.

**070602-«Дизайн (тармактар боюнча)»** адистиги боюнча бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо төмөнкү мамлекеттик сыноолордон турат:

- өзүнчө дисциплина боюнча жыйынтыктоочу экзамен;

- дисциплиналар аралык жыйынтыктоочу экзамен же бүтүрүүчү квалификациялык ишин жактоо.

Бүтүрүүчү квалификациялык иштер студенттин конкреттүү маселелерди чечүүдө адистик боюнча алган билимин системалаштыруу жана бекемдөө макасатында, ошондой эле студенттин өз алдынча иштөөгө даярдыгынын деңгээлин билүүгө көмөктөшөт. Бүтүрүүчү квалификациялык иштер дипломдук иш же дипломдук долбоор түрүндө болот. Бүтүрүүчү квалификациялык иштердин темалары кесиптик билим берүү уюму

тарабынан аныкталат. Студентке бүтүрүүчү квалификациялык иштин темасын тандоо укугу берилет. Бүтүрүүчү квалификациялык ишке даярданууда жетекчи жана кеңеш берүүчү дайындалат.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга кирүүчү аттестациялык сыноолорду өткөрүү шарттары кесиптик билим берүү уюму тарабынан аныкталат жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын башталышына алты ай калганга чейин студенттерге билдирилиши керек. Студенттер экзамен программалары жана консультация менен камсыздалат.

Бүтүрүүчү квалификациялык иштерди жактоого негизги кесиптик билим берүү программасынын бирөөнүн толук курсун окуп бүткөн жана окуу планы боюнча каралган бардык аттестациялык сыноолорду ийгиликтүү тапшырган студенттер киргизилет.

Жыйынтыктоочу экзамендер кээ бир сабактар боюнча кесиптик билим берүү программасынын толук курсу бүтө электе жүргүзүлүшү мүмкүн.

19. Негизги кесиптик билим берүү программасын иштеп чыгууда кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрдүн социалдык-инсандык компетенцияларын (мисалы, социалдык өз ара аракеттенүү компетенцияларын, өзүн-өзү уюштурууну жана системалык-иш мүнөзүндөгү өз алдынча башкарууну) түзүү мүмкүнчүлүктөрү аныкталышы керек. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

- өзүнүн социалдык-маданий чөйрөсүн түзүүгө;
- инсандын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө;
- студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнү, студенттердин коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышуусун кошкондо, окуу процессинин социалдык-тарбиялык компонентин өнүктүрүүгө түрткү берүүгө.

20. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун негизги кесиптик билим берүү программасы студенттин тандоосу боюнча сабактардын ар бир циклинин вариативдүү бөлүгүнүн үчтөн биринен кем эмес көлөмдө сабактарды камтуусу керек. Студенттин тандоосу боюнча сабактарды түзүүнүн тартибин кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун педагогикалык кеңеши белгилейт.

21. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

- студенттердин өзүнүн окуу программасын түзүүгө катышуусунун реалдуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга;
- негизги кесиптик билим берүү программасын түзүүдө студенттерди алардын укуктары жана милдеттери менен тааныштырууга;
- студенттер тандап алган сабактар алар үчүн милдеттүү болуп калаарын, ал эми алардын жалпы эмгек сыйымдуулугу окуу планында каралгандан кем болбошу керектигин түшүндүрүүгө.

22. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун негизги кесиптик билим берүү программасы студенттин тандоосу боюнча сабактарды камтуусу керек.

23. Студенттер кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму негизги кесиптик билим берүү программасында каралган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттөрдө аткарууга милдеттүү.

24. Студенттер негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүдө натыйжаларга жетишүү максатында студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышууга милдеттүү.

25. Студенттин окуу жүктөмүнүн максималдуу көлөмү анын аудиториялык жана аудиториядан тышкары (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрлөрүн камтуу менен жумасына 45 саат болуп белгиленет.

Күндүзгү окуу формасындагы бир жумалык аудиториялык сабактардын көлөмү Мамлекеттик билим берүү стандарты менен аныкталат жана адистиктин өзгөчөлүгүн эске алуу менен, ар бир окуу сабагын үйрөнүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 35 пайызынан ашпоосу керек.

26. Окуу жылындагы эс алуу убагынын жалпы көлөмү 10 жуманы, анын ичинде кыш мезгилинде 2 жумадан кем эмести түзүүсү керек.

## 5-глава. Негизги кесиптик билим берүү программасына карата талаптар

27. **070602-«Дизайн (тармактар боюнча)»** адистиги боюнча бүтүрүүчү негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттарына жана ушул Мамлекеттик билим берүү стандартынын 10 жана 14-пункттарында көрсөтүлгөн кесиптик иштин милдеттерине ылайык төмөнкү компетенцияларга ээ болушу керек:

а) **жалпы (ЖК):**

ЖК1. Өз ишин уюштурууну, кесиптик милдеттерди аткаруу методун жана ыкмаларын тандоону, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалоону билүү;

ЖК2. Стандарттык жана стандарттык эмес абалдарда чечим кабыл алуу, маселелерди чечүү, жоопкерчиликти жана демилге көтөрүү;

ЖК3. Кесиптик милдеттерди натыйжалуу аткаруу, кесиптик жана инсандык өнүгүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды издөө, чечмелөө жана пайдалануу;

ЖК4. Кесиптик ишинде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу;

ЖК5. Командада иштөөнү, кесиптештер, жетекчилер жана кардарлар менен натыйжалуу баарлашууну билүү;

ЖК6. Команда мүчөлөрүнүн (кол алдындагы) иши жана аларды иш орунда окутуу, тапшырмаларды аткаруунун жыйынтыгы үчүн жоопкерчилик алуу;

ЖК7. Жеке инсандык жана кесиптик өнүгүүсүн башкаруу, кесиптик иште эмгек шарттарынын жана технологиялардын өзгөрүүсүнө адаптацияланууу;
ЖК8. Чакан жамаат менен уюштуруу-башкаруу иштерине даяр болуу;
ЖК9. Мамлекеттик жана расмий тилдерде өзүнүн оозеки жана жазма кебинде логикалык жактан туура,так аргументтештирип айта билүү;
ЖК10. Өзүнүн келекчектеги кесибинин социалдык маани-маңызын түшүнө билүү жана кесибине болгон кызыгуусун арттыруу.

б) **кесиптик (КК),** иштин негизги түрлөрүнө ылайык келген кесиптик компетенциялар:

- **Долбоордук-көркөмдөө ишмердүүлүк:**

КК1. Дизайндык долбоорлорду иштеп чыгуунун алдында анализ жүргүзүү;
КК2. Дизайн боюнча заманбап тенденцияларды долбоорлоо процессине катышуу;
КК3. Сунуш кылынган долбоордун негизинде техникалык-экономикалык эсептерди жүргүзүү;
КК4. Дизайндык долбоорлордун колористикалык тапшырмасын иштеп чыгуу;
КК5. Долбоорлорду демонстрациялоо максатында графикалык каражаттарды жана ыкмаларды колдонуу менен ар кандай эскиздерди аткаруу;
КК6. Предметтик, мейкиндик, жаратылыш жана көркөм компоненттердин, коомдун жана адамдын жашоо тиричилигинин шартынын синтези катары чөйрөсүн түзүү;
КК7. Дизайндык долбоорлорду иштеп чыгууда көркөмдүк табиттин, жасалма чөйрөдө моделдөө жана гармонизациялоо ыкмасын билүү,болжолдоп көрө билүү маданиятын өздөштүрүү жана элестүү мейкиндикте демонстрациялоо.

- **Кесиптик-өндүрүштүк ишмердүүлүк:**

КК8. Форма түзүүчү касиеттерин эске алуу менен материалдарды колдоно билүү;
КК9. Дизайндык объектилердин же алардын өзүнчө элементтеринин эталондук үлгүлөрүн материалдарга, макетте жасай билүү;
КК10. Даярдоонун технологиясын эске алуу менен конструкцияларды иштеп чыгуу, техникалык чиймелерди аткаруу;
КК11**.** Иштелүүчү буюмдарды даярдоонун технологиялык картасын иштеп чыгуу;
КК12. Өндүрүштүк продукциянын үлгүлөрүн, предметтик мейкиндикте ишке ашырууда көркөм конструктордук чечимдерди ишке ашырууда автордук көзөмөл жүргүзүү.

28. Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасына төмөнкүдөй блоктор жана окуу циклдери кирет:

**1-блок «Дисциплиналар» (модулдар):**

1. Жалпы гуманитардык цикл;
2. Математикалык жана табигый илимдер циклы;
3. Кесиптик цикл;
4. Дене тарбия.

**2- блок «Практика»;**

**3- блок «Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация»;**

Орто кесиптик окуу жайы мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык негизги билим берүү программасын иштеп чыгат жана улуттук квалификациянын алкактарына ылайык окутуунун натыйжаларына жетүүгө жоопкерчилик тартат.

Дисциплиналардын (модулдардын) топтомун жана алардын негизги билим берүү программасынын ар бир блогуна тиешелүү эмгек сыйымдуулугун орто кесиптик окуу жайы улуттук квалификациянын алкактарында каралган окутуунун натыйжаларынын жыйындысы түрүндө аны өздөштүрүүнүн талаптарын эске алуу менен ушул блок үчүн белгиленген көлөмдө өз алдынча аныктайт.

Негизги кесиптик билим берүү программасы жалпы гуманитардык циклдин билим берүү дисциплиналарын ишке ашырууну камсыз кылуусу керек, алардын тизмеси жана эмгек сыйымдуулугу Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан аныкталат. Аталган дисциплиналардын мазмуну жана ишке ашыруу тартиби тиешелүү адистик боюнча орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты менен белгиленет.

29. Сабактардын ар бир циклы базалык (милдеттүү) жана элективдүү бөлүккө ээ болушу керек. Элективдүү бөлүк базалык бөлүктүн сабактарынын мазмуну менен аныкталуучу студенттердин билимдерин, ыктарын жана көндүмдөрүн кеңейтүүгө жана тереңдетүүгө мүмкүндүк бериши керек. Элективдүү бөлүк кесиптик орто окуу жайы тарабынан ишке ашырылуучу кесиптик билим берүү программасынын өзгөчөлүктөрүнө жараша белгиленет.

Мамлекеттик аттестациянын көлөмүн эске албастан милдеттүү бөлүктүн көлөмү негизги билим берүү программасынын жалпы көлөмүнүн 50дөн ашпаган пайызын түзүүгө тийиш.

Орто кесиптик окуу жайы ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга (алардын арызы боюнча) алардын психофизикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн, жеке мүмкүнчүлүктөрүн эске алуучу жана зарыл болгон учурда аталган адамдардын өнүгүүсүнүн бузулушун оңдоону жана социалдык адаптациялоону камсыздоочу негизги билим берүү программасы боюнча окуу мүмкүндүгүн берүүсү тийиш.";

30. Адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу окутулуучу сабактын профилине ылайык келген базалык билими бар жана системалык түрдө илимий жана (же) илимий-методикалык иш менен алектенген педагогикалык кадрлар менен камсыздалышы керек.

Кесиптик циклдын окутуучулары даярдоонун тийиштүү адистиги/багыты боюнча жогорку кесиптик билимге ээ болуулары керек.

Кесиптик циклдин окутуучуларынын сапаттык курамын баалоодо стажы 10 жылдан ашкан өндүрүшчүлөр эсепке алынат.

Окутуучулар адистиги боюнча кесиптик билим берүү программасына ылайык квалификациясын жогорулатуу үчүн кошумча билим алышат, ошондой эле 3 жылда 1 жолу профилдүү мекемелерден стажировкаланат.

Штаттагы окутуучулардын үлүшү билим берүү программасынын жалпы окутуучуларынын санынын 80 пайызынан кем эмес бөлүгүн түзүшү керек.

Окутуучу/студенттин нормативдик катышы 1:12ден ашпаш керек.

31. Адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашырууда негизги кесиптик билим берүү программасынын сабактарынын толук тизмеси боюнча түзүлүүчү маалыматтар базасын жана китепкана фондун ар бир студенттин колдонуусу камсыз кылынышы керек. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун билим берүү программасы лабораториялык практикумдарды жана практикалык сабактарды (түзүлүүчү компетенцияларды эсепке алуу менен аныкталат) камтууга тийиш.

Студенттер өз алдынча даярданган учурда “Интернет” маалымат-телекоммуникациялык тармактарынан (мындан ары- “Интернет” тармагы) колдонууларына шарт түзүлүшү керек.

Негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон окуу адабияты жана/же электрондук адабият менен студенттердин камсыз болуусу бир студентке 0,5 экземплярдагы ченемге ылайык келиши керек. Окуу маалыматынын булактары заманбап талаптарга жооп берүүсү керек. Лабораторидук жана курстук иштер үчүн усулдук көрсөтмөлөр -1:1катышта болуусу керек. Билим берүү процессинде мыйзам чыгаруу актылары, ченемдик документтер, кесиптик багыт берүүчү мезгилдүү басылмалардын материалдары пайдаланылышы керек.

Китепкана фонду бардык окуу циклындагы дисциплиналар боюнча негизги жана кошумча окуу адабияттарынын акыркы 5 жылдын басма жана электрондук басылмалары менен жабдылган болуу керек.

Китепкана фондунда негизги жана кошумча окуу адабияттарынан тышкары официалдуу, библиографикалык-маалымдамалар жана мезгил-мезгили менен басылып чыгып туруучу басылмалар, ар бир 100 студентке 1-2 экземплярдан туура келгидей санда болуу керек.

Ар бир студентке 3төн кем эмес туура келгидей сандагы техникалык журналдардын комплектиси китепкана фондунда болуусу зарыл.

Билим берүү уюмдарында студенттерге өз алдынча даярдануу үчүн профилдик билим берүү уюмдары менен ыкчам маалымат алмашууга, Интернет булактарынан окуу процессине керектүү маалыматтарды алып туруусуна шарт түзүлүшү керек.

32. Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун окуу планында каралган лабораториялык, дисциплиналык жана дисциплиналар аралык даярдоонун, студенттерди практикалык даярдоонун бардык түрүн

жүргүзүүнү камсыз кылган, колдонуудагы санитардык жана өрткө каршы эрежелер менен ченемдерге ылайык келген материалдык-техникалык базасы болушу керек (негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашырууда маанилүү болгон материалдык-техникалык камсыздоо, мисалы: полигондор, технологиялык жабдуулар, студиялар ж.у.с., ошондой эле окутуунун техникалык каражаттар менен жабдууга коюлуучу ченемдик талаптар-студент/компьютер, студент/жабдык катышын сактоо ж.у.с.).

1 студентке санитардык норма жана эрежелерге ылайык керектүү аянтча 7 $м^2$ болуусу зарыл.

**Окуу процессинин материалдык-техникалык камсыздалышы 070602-«Дизайн (тармактар боюнча)» адистиги боюнча кабинеттердин,лабораториялардын, устаканалардын БОЛЖОЛДУУ ТИЗМЕСИ**

**Кабинеттер:**
Кыргыз тили жана адабияты;
Орус тили жана орус адабияты;
Чет тили;
Маалымат берүүчү технология;
Көркөм өнөр жана дизайн тарыхы;
Долборлоо.

**Устаканалар (мастерскойлор):** макет, сүрөт жана живопись.
**Спорттук комплекс:** спорт зал, кеңири профилдеги ачык стадион.

Билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн кесиптик предметтер жана аларды усулдук окуу китептери менен камсыздоо фонду түзүлүшү керек.

- усулдук фонд.(студенттердин композициялары,сүрөттөрүнүн жана живопистин эң мыкты үлгүлөрү.

33. Жыйынтыктоочу квалификациялык иштердин мазмунуна, көлөмүнө жана түзүмүнө карата талаптар Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталуучу орто кесиптик билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү тартибин эске алуу менен орто кесиптик билим берүү мекемеси тарабынан аныкталат.

## Кесиптик орто билим берүүсүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын

# Түзүмү

### 070602-«Дизайн (тармактар боюнча)» адистиги

| Кесиптик орто билим берүүсүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын түзүмү | | Негизги билим берүү программасынын көлөмү жана анын окуу циклдары кредит менен |
|---|---|---|
| | | 1 жыл10 ай |
| 1-Блок | I. Жалпы гуманитардык цикл | 99(*) |
| | II. Математикалык жана табигый - илим циклы | |
| | III. Кесиптик цикл | |
| | Дене тарбия ( көрсөтүлгөн семестрлерде жумасына 2 сааттан) | 3 – 5 семестр |
| 2-Блок | Практика | 15(**) |
| 3-Блок | Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация | 6 |
| Кесиптик орто билим берүүсүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын көлөмү | | 120 |

*Эскертүү:*

** Маданият жана искусство чөйрөсүндөгү билим берүү уюмдары үчүн “Кесиптик цикл” окуу циклында кошумча 210 академиялык саат каралсын (7 кредит).*

*** Маданият жана искусство чөйрөсүндөгү билим берүү уюмдары үчүн “Практика” окуу циклында 1200 академиялык саат каралсын (40 кредит).*

Кесиптик орто билим берүүнүн

**070602-“Дизайн (тармактар боюнча)” адистиги боюнча**

**Болжолдуу окуу планы**

Квалификациясы – дизайнер

Окуу мөөнөтү:

жалпы орто билимдин базасында– 1 жыл 10 ай

| № | Сабактардын аталыштары( анын ичинде практикалар) | Жалпы сыйымдуулугу | | Семестр боюнча болжолдуу бөлүштүрүү | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Кредит менен | Сааты | 3 семестр | 4 семестр | 5 семестр | 6 семестр |
| | | | | Жумалардын саны | | | |
| | | | | 15-18 | 15-18 | 12-18 | 9-18 |
| **1-блок** | **I. Жалпы гуманитардык цикл** | **18** | **540** | | | | |
| | **Базалык бөлүк** | **15** | **450** | | | | |
| 1 | Кыргыз тили жана адабияты | 3 | 90 | | * | | |
| 2 | Орус тили | 2 | 60 | * | | | |
| 3 | Чет тили | 2 | 60 | * | | | |
| 4 | Кыргызстандын тарыхы | 4 | 120 | | * | | |
| 5 | Манас таануу | 2 | 60 | * | | | |
| 6 | Кыргызстандын географиясы | 2 | 60 | | * | | |
| | **Элективдүү бөлүк** | **3** | **90** | | | | |
| | **Бардыгы** | **18** | **540** | | | | |
| | **II. Математикалык жана табигый илимдер циклы** | **6** | **180** | | | | |
| | **Базалык бөлүк** | **4** | **120** | | | | |
| 7 | Кесиптик математика | 2 | 60 | * | | | |
| 8 | Информатика | 2 | 60 | | * | | |
| | **Элективдүү бөлүк** | **2** | **60** | | | | |
| | **Бардыгы** | **6** | **180** | | | | |
| | **III. Кесиптик цикл** | **75+7*** | **2205** | | | | |
| | **Базалык бөлүк** | **38** | **1140** | | | | |
| 9 | Сүрөт | 5 | 150 | * | | | |
| 10 | Живопись | 4 | 120 | | | * | |
| 11 | Композиция негиздери | 4 | 120 | | | * | |
| 12 | Долбоорлоого киришүү( профили боюнча) | 6 | 180 | | * | | |
| 13 | Түстөрдү таануу | 5 | 150 | | | * | |
| 14 | Компьютердик графика | 4 | 120 | * | | | |
| 15 | Материалдарды таануу( профили боюнча) | 3 | 90 | * | | | |
| 16 | Ишкана экономикасы | 2 | 60 | | | | * |
| 17 | Эмгек коргоо жана жашоо коопсуздугу | 3 | 90 | | | | * |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 18 | Кесиптик ишмердүүлүктү укуктук камсыздоо; | 2 | 60 | | | * | |
| | **Элективдүү бөлүк** | **37+7*** | **1110** | | | | |
| | **Бардыгы** | **75** | **2250** | | | | |
| | ***Бардык теориялык окуу*** | **99** | **2970** | | | | |
| | **Дене тарбия (***)** | | Жумасына 2 саат | * | * | * | |
| **2-блок** | **Практика** | **15+40** | **450** | | | | |
| **3-блок** | **Жыйынтыктоочу Мамлекеттик аттестация (****)** | **6** | **180** | | | | |
| | Экзамендердин саны (максимальное) | | | 8-10 | 8-10 | 8-10 | 8-10 |
| | Курстук иштердин/долбоорлордун саны | | **1-2** | | | | |
| | **Негизги билим берүү программасынын жалпы сыйымдуулугу** | **120** | **3600** | 30 | 30 | 30 | 30 |

Эскертүү :
(*) билим берүү мекемелеринде маданият жана искусство тармактарынын окуу циклында “ Кесиптик циклда ” кошумча 210 академиялык саат (7 кредит) каралат;
(**) билим берүү мекемелеринде маданият жана искусство тармактарынын окуу циклында “Практикада ” кошумча 1200 академиялык саат (40 кредит) каралат;
(***) дене тарбия жалпы сыйымдуулукка кирбейт ;
(****) жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация окуу жайдын чечимине ылайык каралат.